| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ӨМҮРАЛИЕВ АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>ОМУРАЛИЕВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕҢЕШ |
|---|---|---|

**Өмүралиев айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын жыйырма экинчи кезектүү кеңешмесинин токтому**

2023-жылдын 30–январь №_86 Манас айылы

Өмүралиев айыл Кеңеши Өмүралиев айыл өкмөтүнүн 2023 - жылга бюджетин бекитүү жана 2023-2024- жылдарга божомолу жөнүндө карап,талкуулап чыгып, Өмүралиев айылдык Кеңештин - VIII чакырылышынын жыйырма экинчи кезектүү кеңешмеси **токтом кылат:**

**1.** Өмүралиев айыл өкмөтүнүн 2022-жылдагы жергиликтүү бюджетинин аткарылышы канааттандыраарлык деп табылсын.

**2.** Өмүралиев айыл өкмөтүнүн 2023-жылдагы эркин каражаты 9487,3 миң сомго бекитилсин.

**3.**Өмүралиев айылдык аймактык Кеңешинин 2023-жылга бюджетинин киреше бөлүгү боюнча 17609,0 миң сом өлчөмүндө жана чыгаша бөлүгү боюнча 17609,0 миң сом өлчөмүндө белгиленсин.

**4.**Өмүралиев айылдык аймактык Кенешинин 2023-жылга бюджетинин киреше бөлүгү №1 тиркемеге ылайык киреше булактардан түшүүчү каражаттардын эсебинен түзүлө турганы аныкталсын.

**5.**Өмүралиев айылдык аймактык Кенешинин 2023-жылга чыгаша бөлүгү №2 тиркемеге ылайык чыгаша булактардан турары белгиленип бекитилсин.

**6.**Өмүралиев айылдык аймактык Кеңештин 2023-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгү боюнча жалпы өлчөмү № 3 тиркемеге ылайык белгиленип бекитилсин.

**7.**2023-жылга карата айылдык аймагы боюнча резервдик фонд 161,3 миң сом эсебинде түзүлсүн, чыгашанын аткарылышы боюнча көзөмөлдөө жергиликтүү Кеңештин бюджеттик комиссиясына жүктөлсүн. № 4 тиркеме түзүлсүн.

**8.** 2023-жылга атайын каражат счеттун киреше жана чыгаша бөлүгү болжолдуу түрдө 936,0 миң сомго бекитилген. Ата-энелер төлөмү 2023-жылга ай сайын 0,8 миң сом 158 балага,ремонт иштерине 79,0 миң сом болгондугуна байланыштуу 533,4 миң сомго кошумча бекитилди. Аз камсыз 2 баланын ата-энелер төлөмүнөн бошотулду, атайын каражат счеттун киреше жана чыгаша болугу №5 тиркемеге ылайык белгиленип бекитилсин.

9. Жайыт комитетинин 2023-жылга киреше бөлүгү 300,0 миң сом жана чыгаша бөлүгү үчтөн эки бөлүгү 201,0 миң сом өлчөмүндө жайыт комитетинде, үчтөн бир бөлүгү 99,0 миң сом айыл өкмөтүнүн бюджетинде бекитилсин.

10. Кабыл алынган токтомдун туура жана так аткарылышына көзөмөл жүргүзүүнү айылдык аймактык Кеңешинин «Айыл чарба экономикалык реформалардын жүрүшү жана бюджет» боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

11. Кыргыз Республикасынын салык кодексинин негизинде жергиликтүү бюджеттин

кирешелер бөлүмүн чындоо максатында төмөндөгү салыктар жана жыйымдар киргизилсин жана алардын ставкалары төмөндөгүдөй өлчөмдө бекитилсин.

12. Өмүралиев айыл аймагынын,айыл окмоту 2023-жылга карата бюджетти 17609,0 миң сомго бекитилсин .2024-жылга карата бюджетти 17282,0 миң сомго, 2025-жылга карата 18482,0, миң сомго болжолдуу турдо бекитилсин .

**13. Жергиликтүү салыктар**

**Жер салыктар:**

- Айыл чарба багытындагы сугат жерлерге 500,0 миң сом, калктуу конуштардын жерлерине 138,0 миң сом болжолдуу бюджеттен 38,0 миң сомго кошумча бекитилди,кайрак жерлерге 18,0 миң сом, жер казынасын пайдалануу укугуна лицензия учун 2000,0 млн сом, болжолдуу бюджеттен 1 млн.сомго кошумча бекитилди .жайыт жерлерге 300,0 миң сом,мусор салыгы 0,2 мин сом,короо жана жер участогуна салык 195,0 миң сом, болжолдуу бюджеттен 55,0 миң сомго кошумча бекитилди.
- **Мүлк салыгы.** Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин негизинде бекитилсин. Кыймылдуу мүлккө салык 660,0 миң сом болжолдуу бюджеттен 81,5 миң сомго кошумча бекитилди,салыктын бул түрүн менчик автотраспорттору жана айыл чарба техникалары бар жактар төлөөчү болуп эсептелет жана кыймылсыз мулк салыгы 30,0 миң сом, болжолдуу бюджеттен 17,5 миң сомго кошумча бекитилди. Салык чегерүү объектиси жана өлчөмү КР Салык кодексинин негизинде жүргүзүлсүн.
- **Жалпы мамлекеттик салыктар.** "Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө" КР Мыйзамынын негизинде Омуралиев айыл аймагынын жергиликтүү бюджетине *салык агенттери тарабынан төлөнүүчү киреше салыктын* 100 пайыз өлчөмүндө 11746,4 мин сом түшүүсү, болжолдуу бюджеттен 1666,4 миң сомго кошумча бекитилди, *патенттин негизинде алынуучу салык 370,0 миң сом, милдеттүү патенттин негизинде алынуучу салык* 100 пайыз өлчөмүндө түшүүсү белгиленсин. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин негизинде бекитилсин.
- **Салыктык эмес кирешелер.** Аренда антеннадан 180,0 миң сомго бекитилсин.

**14.** Айыл өкмөтүнүн мекеме уюмдары жыл ичинде каржылоо чыгымдарына зарыл болгон учурда ар бир бөлүмдөн экинчи жана статьядан статьяга, чейректен чейрекке жылдыруу

жагы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 109-беренесинин негизинде жүргүзүлсүн.

**15.** Өмүралиев айыл өкмөтүнүн 13 штаттык бирдиги- анын ичинде: 1 штат кенже тейлөө кызматкери, 1 штат техникалык тейлөө кызматкери , 2 штат бирдиги аскердик каттоо столунун КР Өкмөтүнүн 01.08.2022-жылдагы №266 жарлыгынын негизинде жана кызматкерлердин эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө КР Өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-августундагы №433 токтомунун негизинде бекитилсин.

**16.** Талас райондук маданият бөлүмүнүн Омуралиев айылдык аймагындагы Чатбазар жана Манас айылдарындагы китепканасына 2 китепкана башчысы ,1 китепканачы, 1 парк башчы,1 клуб башчы КРӨ 2022-жылдын 01.04.2022-жылдагы № 185 токтомунун негизинде бекитилсин.

**17.** Токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жагы Өмүралиев айыл Кеңешинин алдындагы бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **М.Дөөлөталиев**